| | |
|---|---|
| “Бекитемин”<br>Спорттун улуттук түрлөрү боюнча дирекциянын директору<br>_____________У. Эралиев<br>«___»_______________2024-ж. | “Макулдашылды”<br>Республикалык “Көк-Бөрү” федерациясынынПрезиденти<br>___________Р. Жунусалиев<br>«___»_______________2024-ж. |
| | |

# ЖОБО
## 2024-жылкы Көк-Бөрү оюну боюнча Кыргыз Республикасынын райондор аралык Чемпионаты



**Бишкек шаары**
**февраль 2024**
**Ак-Кула ат майданы**

## Максаттары жана милдеттери

- Улуу Манас атабыз ойногон Көк – Бөрү оюнунун маданиятын эл аралык деңгээлге алып чыгууга жана өркүндөп өсүшүнө шарт түзүү;
- республиканын шаарларында, райондорунда жана облустарында Көк - Бөрү, оюнун өнүктүрүү жана эл арасына кеңири таркатуу;
- Жаш-өспүрүмдөр арасында дене-тарбияны жана ден соолукту чыңдоо иштеринин сапатын жакшыртуу Көк – Бөрү оюндары боюнча мелдештердин системасын жана программаларын өрчүтүү;
- эл арасындагы биримдикти, ынтымакты оюндарыбыз аркылуу бекемдөө жана чыңдоо;

## Мелдешти өткөрүүнүн мөөнөтү жана орду

- **<u>Бишкек шаарындагы "Ак-Кула"</u> ат майданында өтүүчү мелдештерге өлкөбүздүн 7 облусунан жана Бишкек, Ош шаарларынан жеңүүчү болуп аталган район оз облусунун же шаарынын намысын коргой алат. Облус, шаар ичиндеги мелдештер январь айынын башынан февраль айынын башына чейин өткөрүлүүсү зарыл.**
- Көк-Бөрү боюнча каттоодон өтүү февраль айынынын 5нен 10на чейин Спорттун улуттук түрлөрү боюнча Дирекцияда жүргүзүлөт. Каттоо 10-февраль күнү саат 17:30 да жабылат.
- командалардын келүү жана чучу кулак өткөрүү күнү алдын ала жарыяланат.

## Мелдешти өткөрүү жетекчилиги

Көк – Бөрү оюну боюнча мелдешин өткөрүүгө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик департаменти жетекчилик кылат. Ал эми Көк – Бөрү оюндары боюнча өтүүчү мелдешке даярдык көрүү жана уюштурууну Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштууЖаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик департаментинин алдындагы Спорттун улуттук түрлөрү боюнча Дирекция ишке ашырат. Көк – Бөрү оюну боюнча мелдешинин өткөрүлүшү Спорттун улуттук түрлөрү боюнча Дирекция жана Федерациянын чечими менен башкы калыстарга жүктөлөт.

## Мелдештин катышуучулары

“Көк бөрү” боюнча райондор арасындагы Чемпионатына Ысык-Көл, Талас, Чүй, Нарын, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары жана Ош, Бишкек шаарларынан бирден өзоблусунан же шаарынан женүүчү болуп саналган команда катышууга укуктуу.

Инсандын ким экендигин күбөлөндүргөн документ, катышкан облуста же шаарда каттоосу бар ID картанын көчүрмөсү болушу шарт (чет өлкөгө чыгуучу паспорт жарабайт). 2017-жылкы жаңы киргизилген биометрикалык ID картанын ээси Мамлекеттик каттоо кызматынан жашаган жерин тастыктаган мөөрү жана колу коюлган маалымдама менен болушу шарт. Мелдешке катышуу үчүн ар бир спортчунун номердик белгилери жазылган спорттук формасы болуусу тийиш, эгерде ал эреже сакталбаган командадагы оюнчу оюнга киргизилбейт (жогорудагы мүмкүнчүлүктөр Бишкек, Ош шаарларына жана Баткен облусуна тиешеси жок, бул 3 команда убактылуу каттоо маалымкаты менен оюнга киргизилет).

Көк - бөрү боюнча 1-2-3-орундарды ээлеген командаларга Спорттун улуттук түрлөрү боюнча Дирекциянын жана демөөрчүлөр тарабынан даярдалган 1-2-3-даражадагы дипломдор жана баалуу сыйлыктар ыйгарылат.

## Мелдешти өткөрүүнүн жана алардын жыйынтыгын чыгаруунун шарттары

Көк-Бөрү оюну боюнча мелдештер республикалык “Көк бөрү” федерациясы бекиткен эрежесине ылайык өткөрүлөт.

Мелдешке 18 жаштан жогорку эркектер катышат. Команданын курамасы – 17 киши (1- машыктыруучу, 1- жетекчи, 3-атчы, 12-оюнчу).

Мелдешке 9 команда катышат. Чучу-кулак менен 3 тайпага бөлүнүп, ар бир тайпанын жеңүүчүсү түздөн-түз жарым финалга жолдомо алат. Ал эми тайпанын 2-орунду ээлегендери айлампа оюндары аркылуу жеңүүчүсү жарым финалга ойноо укугуна ээ болот.

Жеңгендерге – 3 упай, жеңилгендерге – 0 упай берилет. Буллит же кошумча убакытта уткан командага – 2 упай берилет. Ал эми утулган командага – 1 упай берилет.

## Каттоодон өтүү мөөнөтү жана тартиби

Көк – Бөрү боюнча мелдешине алдын ала каттоо белгиленген тартип боюнча мелдештин башталышына чейин катыша турган спортчулардын аты-жөнү менен толук тизмеси берилет.

- мелдешке катышкан спортсмендин паспорту, медициналык справкасы жана камсыздандыруу полиси болуусу шарт, эгерде алар жок болсо, ага оюнга кирүүгө уруксат берилбейт;
- мелдешке катышкан ар бир атка мелдештерге катышууга уруксат берилген мал докдурдун маалымдамасы калыстар тобуна тапшырылышы керек;
- калыстар тобуна катышуучунун аты-жөнү, туулган жылы, разряды, машыктыруучу-саяпкери, аттын ээси, аттын жашы, өңү-түсү, тукуму, аттын аты көрсөтүлгөн, бир сүрөтү тиркелген заявкалар, ошондой эле ал ат ошол ээсине тийиштүү экени тууралуу айыл өкмөтүнөн алынган маалымдама тапшырылышы керек.

**Табыштамаларды төмөнкү дареке жиберсе болот:**
**Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Тоголок-Молдо көчөсү - 17.**
**Тел: (+996312) 325314, 325313, 324808**
**Факс: (+996312) 325313**:
Жооптуу кызматкерлердин байланыш телефондору:
Көк-Бөрү федерациясынын башкы катчысы:
Жайламышов Рамис-0702 05 49 99;
Көк-Бөрү боюнча СУТДнын усулчусу:
Сыдыков Тагдыр-0556 88 77 25